КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ГРАЖДАНСКОЙ АВИАЦИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2025ж. 14-ноябрь № 09

Бишкек ш.
г.Бишкек

**«Кыргыз Республикасынын авиациялык метеорологиялык персоналы жөнүндө Жобону» бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-марттагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын авиациялык метеорологиялык персоналына коюлуучу талаптарды ченемдик жактан бекитүү максатында, **буйрук кылам:**

1. «Кыргыз Республикасынын авиациялык метеорологиялык персоналы жөнүндө Жобосу» мамлекеттик жана расмий тилдерде тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигине:
   - ушул буйрук аткарууга кабыл алынсын;
   - ушул буйрук Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин сайтына мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыялансын;
   - күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн ушул буйрукту мамлекеттик жана расмий тилдерде кагаз жана электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтүлсүн;
   - катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйрук мамлекеттик жана расмий тилдерде «Эркин Тоо» газетасына жарыяласын.
3. Министрликтер, ведомстволор, жарандык авиация уюмдары жана окуу борборлору «Кыргыз Республикасынын авиациялык метеорологиялык персоналы жөнүндө Жобону» аткарууга кабыл алсын.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2025-жылдын 28-мартындагы № 11/17 «Кыргыз Республикасынын авиациялык метеорологиялык персоналы жөнүндө» директивасы күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

6. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

---

**Об утверждении «Положения об авиационном метеорологическом персонале Кыргызской Республики»**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, а также в целях нормативного закрепления требований к авиационному метеорологическому персоналу Кыргызской Республики, **приказываю**:

1. Утвердить «Положение об авиационном метеорологическом персонале Кыргызской Республики» на государственном и официальном языках согласно приложению.

2. Государственному агентству гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

– принять к исполнению настоящий приказ;

– опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках на сайте Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики;

– направить настоящий приказ на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителях в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики, а также в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации, в течении трех рабочих дней со дня вступления в силу;

– опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин Тоо» в течение трех рабочих дней со дня регистрации.

3. Министерствам, ведомствам, организациям гражданской авиации и учебным центрам принять к исполнению «Положение об авиационном метеорологическом персонале Кыргызской Республики».

4. Признать утратившей силу Директиву Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики

«Об авиационном метеорологическом персонале Кыргызской Республики» от 28 марта 2025 года № 11/17.

5. Контроль над исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

6. Настоящий приказ вступает в силу по истечению семи дней со дня его официального опубликования.

**Директор** **Д.К. Бостонов**

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетине караштуу
Жарандык авиация мамлекеттик
агенттигинин
«14» ноябрь 2025-жылдагы
№ 09 буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын**
**авиациялык метеорологиялык персоналы жөнүндө**
**Жобо**

## ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КАТТОО БАРАГЫ

| № | Кабыл алынган датасы | Күчүнө кирген датасы | Өзгөртүүнү жана/же толуктоону кабыл алуу актысы | Өзгөртүү жана/же толуктоо ушул нускага киргизилген датасы | Өзгөртүү жана/же толуктоо ушул нускага киргизилген датасы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

*Эскертүү: Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду ушул нускага киргизүү датасы жана өзгөртүүнү киргизген адамдын колу ушул Жобонун ээси үчүн маанилүү болуп саналат.*

# МАЗМУНУ

Кириш сөз ............................................................ 4

Кыскартуулар ............................................................ 4

1-бөлүм. Колдонуу чөйрөсү жана аныктамалар ............................................................ 6

§ 1. Колдонуу чөйрөсү ............................................................ 6

§ 2. Аныктамалар ............................................................ 6

§ 3. Жалпы жоболор ............................................................ 8

2-бөлүм. Метеорологиялык персоналды даярдоо ............................................................ 9

§ 1. АМПнын баштапкы даярдыгы жана стажировкасы ............................................................ 9

§ 2. АМП категориясы – инженер-синоптик / инженер-метеоролог ............................................................ 9

§ 3. АМП категориясы – техник-синоптик ............................................................ 10

§ 4. АМП категориясы – метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженер ............................................................ 11

§ 5. АМПнын квалификациясын жогорулатуу ............................................................ 11

§ 6. АМПнын күбөлүк алуудагы билимдерин жана жөндөмдөрүн текшерүү ............................................................ 11

3-бөлүм. АМПга күбөлүк берүүдө коюлган талаптар ............................................................ 12

§ 1. Инженер-синоптик / инженер-метеоролог күбөлүгү ............................................................ 12

§ 2. Техник-синоптик күбөлүгү ............................................................ 14

§ 3. Метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженердин күбөлүгү ............................................................ 15

4-бөлүм. Башка талаптар ............................................................ 17

§ 1. Күбөлүктү узартуу ............................................................ 17

§ 2. АМПнын квалификациялык класстары ............................................................ 17

§ 3. Кызматтык адамдар ............................................................ 19

## Кириш сөз

Кыргыз Республикасынын авиациялык метеорологиялык персоналы жөнүндө ушул Жобо (мындан ары — Жобо) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2025-жылдын 18-мартындагы № 01 буйругу менен бекитилген «АПКР-1. Авиациялык персоналга күбөлүк берүү» авиациялык эрежелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясынын авиациялык персоналынын күбөлүгүнө ээ болууга тийиш болгон авиациялык метеорологиялык персонал үчүн талаптарды белгилөө зарылчылыгына байланыштуу иштелип чыкты.

Жобо метеорология жана гидрология жаатындагы кадрларды окутуу жана даярдоо стандарттарын колдонуу боюнча Колдонмонун (ДМУ-№ 1083) 2024-ж., Техникалык регламенттин (ДМУ-№ 49 том 1) 2024-ж., Байкоо приборлору жана методдору боюнча Колдонмонун (ДМУ-№8 том V) 2018-ж., «Эл аралык аэронавигацияны метеорологиялык жактан камсыздоо» Эл аралык жарандык авиация жөнүндө Конвенциянын 3-тиркемесине ылайык иштелип чыккан.

Ушул документте камтылган жетекчилик көрсөтмөлөр Кыргыз Республикасындагы жарандык авиациянын учуу ишин метеорологиялык камсыздоого тартылган уюмдар тарабынан авиациялык метеорологиялык персоналды классификациялоодо, квалификациялык талаптарды жана кесиптик даярдыкты камсыз кылууда бирдиктүүлүктү камсыз кылууга тийиш.

# КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| АМП | Авиациялык метеорологиялык персонал |
| АМСЖ | Авиациялык метеорологиялык станция (жарандык) |
| АМБ | Авиациялык метеорологиялык борбор |
| КРАЭ-1 | Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелери «КРАЭ-1. Авиациялык персоналга күбөлүк берүү» |
| БИП-М | Метеорологдор үчүн милдеттүү программалар пакети |
| БИП-МТ | Техник-метеорологдор үчүн милдеттүү программалар пакети |
| ДМУ | Дүйнөлүк метеорологиялык уюм |
| ИКАО | Эл аралык жарандык авиация уюму |
| КЖК | Квалификацияны жогорулатуу курстары |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КР ЖАО | Кыргыз Республикасынын Жарандык авиация органы |
| ККΚΑΠΚДТП | Кыргыз Республикасынын коопсуздугун камсыздоого катышкан авиациялык персоналды кесиптик даярдоонун типтүү программалары |

## 1-бөлүм. Колдонуу чөйрөсү жана аныктамалар

### § 1. Колдонуу чөйрөсү

1. Кыргыз Республикасынын авиациялык метеорологиялык персоналы жөнүндө ушул Жобо (мындан ары — Жобо) жарандык авиациянын учууларын метеорологиялык камсыздоого тартылган адистердин кесиптик даярдыгына, ишке уруксат алууга, тастыктамалоого жана квалификациясын жогорулатууга коюлган бирдиктүү талаптарды белгилөө максатында иштелип чыккан.

2. Жобо авиациялык метеорологиялык персоналдын (АМП) компетенттүүлүгүнүн жогорку деңгээлин камсыздоого, квалификациянын бирдиктүү системасын колдонууга жана алардын даярдыгын Эл аралык жарандык авиация уюму (ИКАО) жана Дүйнөлүк метеорологиялык уюм (ДМУ) тарабынан белгиленген эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүгө багытталган.

3. Жобо Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердүүлүк жүргүзгөн авиациялык метеорологиялык бөлүмдөрдүн бардык адистерине, ошондой эле жарандык авиациянын метеорологиялык камсыздоосу жана авиациялык метеорология боюнча даярдоо жүргүзгөн кошумча кесиптик билим берүү (квалификацияны жогорулатуу) мекемелерине жана жарандык авиация тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга тиешелүү.

### § 2. Аныктамалар

4. Ушул Жободо төмөнкү терминдер тиешелүү аныктамалар менен колдонулат:

**Авиациялык метеорология** – метеорологиялык шарттардын авиациялык техникага жана авиация ишмердүүлүгүнө тийгизген таасирин изилдеген, ошондой эле учууларды метеорологиялык камсыздоонун теориялык жана методикалык негиздерин иштеп чыккан колдонмо дисциплина.

**Авиациялык метеорологиялык персонал (АМП)** – Кыргыз Республикасында учууларды метеорологиялык камсыздоону ишке ашырган жана Кыргыз Республикасынын Жарандык авиация органы тарабынан берилген авиациялык персоналдын күбөлүгүнө ээ болгон персонал.

**Дүйнөлүк метеорологиялык уюм (ДМУ)** – БУУнун метеорология тармагындагы адистештирилген өкмөттөр аралык мекемеси. Ал Жер атмосферасынын абалын жана анын океандар менен өз ара аракетин көзөмөлдөө боюнча БУУнун компетенттүү органы болуп саналат. ДМУ метеорологиялык документтердин стандарттык формаларын, аба ырайынын божомолдорунун терминологиясын, сандык жана тамгалык

коддорду, маалымат берүү ыкмаларын, байкоо жүргүзүү мөөнөттөрүн, өлчөө тактыгынын талаптарын, ошондой эле бул максаттарда колдонулуучу шаймандарга жана жабдууларга коюлган талаптарды иштеп чыгат.

**Диплом** – жогорку же орто адистештирилген окуу жайды аяктагандыгы жана тиешелүү квалификация берилгендиги жөнүндө документ, ошондой эле илимий даража жана илимий наам берилгендиги тууралуу күбөлүк.

**Сапат** – Эл аралык стандартташтыруу уюму (ISO) тарабынан «өзгөчөлүктөрдүн жыйындысы талаптарга канчалык деңгээлде жооп берет» деп аныкталат.

**Квалификация** – адистикти алуу үчүн зарыл болгон билим берүү аркылуу адатта алынуучу базалык билимдердин минималдуу көлөмү.

**Компетенция** – кызматтык милдеттерди аткарууда белгилүү бир тапшырмаларды аткаруу үчүн талап кылынган билимдер, кесиптик көндүмдөр жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү.

**Кеңеш** – учуу менен байланышкан фактылык жана/же күтүлгөн метеорологиялык шарттарды метеоролог же башка адис менен талкуулоо; талкуу суроолорго жоопторду камтыйт.

**Метеоролог** – метеорологдор үчүн милдеттүү программалар пакетин камтыган жогорку окуу жайында окуу курсун ийгиликтүү аяктаган адам.

**Метеорологиялык маалымат** – фактылык же күтүлгөн метеорологиялык шарттарга байланыштуу метеорологиялык кыскача маалымат, анализ, божомол жана башка билдирүүлөр.

**Авиациялык метеорологиялык орган** – эл аралык аэронавигацияны метеорологиялык камсыздоо үчүн арналган орган.

**Метеорологиялык ыйгарым укуктуу орган** – мамлекеттин атынан эл аралык аэронавигацияны метеорологиялык камсыздоону уюштурган жана метеорологиялык камсыздоо боюнча жөнгө салуу жана көзөмөл жүргүзгөн орган.

**Байкоо (метеорологиялык)** – бир же бир нече метеорологиялык элементтерди баалоо.

**Нефанализ** – булуттуулук боюнча маалыматтарды географиялык картада графикалык түрдө чагылдыруу.

**Метеорологиялык тейлөө көрсөтүүчү** – мамлекеттин атынан эл аралык аэронавигацияны метеорологиялык камсыздоону ишке ашыруу үчүн дайындалган тиешелүү уюм.

**Прогноз (аба ырайы)** – белгилүү бир убакытта же мезгилде белгилүү бир аймакта же аба мейкиндигинин бөлүгүндө күтүлгөн метеорологиялык шарттардын сүрөттөлүшү.

**Синоптикалык карта** – географиялык карта, анда метеорологиялык шарттар же элементтер сандар, символдор же изоплеттер менен көрсөтүлөт.

**Сапат менеджмент системасы (СМК)** – уюм тарабынан продукция жана кызмат көрсөтүүлөрдү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон уюштуруучулук түзүм, процедуралар, процесстер жана ресурстар.

Эскертүү: СМСга байланыштуу терминология, сөздүк жана аныктамалар ушул Техникалык регламентте колдонулган ISO тарабынан кабыл алынган, айрыкча ISO 9000:2015 «Сапатты башкаруу системалары. Негизги жоболор жана сөздүк» жана ISO 9001:2015 «Сапатты башкаруу системалары» стандарттарына, ошондой эле ДМУ-№1100 «Улуттук метеорологиялык жана гидрологиялык кызматтар үчүн сапатты башкаруу системасын ишке киргизүү боюнча колдонмо» документине ылайык келет.

## § 3. Жалпы жоболор

5. Кыргыз Республикасында АМПнын үч категориясы белгиленген, аларга тиешелүү квалификациялык белгилер ыйгарылат:

- инженер-синоптик / инженер-метеоролог;
- техник-синоптик;
- метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженер.

6. АМП Кыргыз Республикасынын жарандык авиация органы (мындан ары — КР ЖАО) тарабынан берилген квалификациялык белгиси бар күбөлүккө ээ болушу керек.
7. Метеорологиялык персоналдын күбөлүгү Кыргыз Республикасында жарандык авиацияны метеорологиялык камсыздоо тармагында анын ээсинин компетенттүүлүгүн тастыктоочу документ болуп саналат.
8. Күбөлүктүн формасы жана мазмуну КР ЖАО тарабынан аныкталат.
9. КР ЖАО күбөлүктү тиешелүү квалификацияга ээ, ишканаларда стажировкадан өткөн жана зарыл компетенцияларды өздөштүргөн талапкерлерге, ушул Жобонун 3-бөлүмүндө белгиленген талаптарга ылайык берет.
10. Күбөлүк алынмайынча талапкер аэродромдо АМПнын функцияларын өз алдынча аткарууга укугу жок.
11. КР ЖАО кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгондугу жоюла элек же алып салынбаган баган талапкерлерге күбөлүк бербейт.
12. КР ЖАО күбөлүк ээси үчүн ушул күбөлүктө көрсөтүлгөн уктардан башка уктарды бербейт.
13. Күбөлүктү берген КР ЖАО анын ээси күбөлүктө же квалификациялык белгилерде көрсөтүлгөн укуктарды аткарууга укуктуу экенин, эгерде ал өз квалификациясын сактап, тажрыйбасы Кыргыз Республикасында белгиленген талаптарга жооп берсе гана, кепилдик берет.
14. АМПнын күбөлүгүн узартуу ар 3 жылда бир жолу жүргүзүлөт.

15. Инженер-синоптиктерге / инженер-метеорологдорго метеорологиялык камсыздоо учурунда маалымат берүү каражаты катары колдонулган англис тилинде сүйлөй жана түшүнө билүү талабы коюлат.

## 2-бөлүм. Метеорологиялык персоналды даярдоо

### § 1. АМПнын баштапкы даярдыгы жана стажировкасы

Эскертүү. АМПны баштапкы даярдоодо ар кандай ыкмалар колдонулат: метеорология багытындагы жогорку окуу жайлардан, техникумдардан же колледждерден билим алуу, ошондой эле лицензиясы жана/же мамлекеттик аккредитациясы бар кошумча кесиптик билим берүү мекемелеринде кесиптик даярдыктан өтүү, метеорологиялык билимге ээ болбогон учурда иш ордунда окутуу менен айкалыштырылган.

### § 2. АМП категориясы – инженер-синоптик / инженер-метеоролог

16. Жогорку окуу жайында БИП-М метеорологдор үчүн милдеттүү программалар пакетин камтыган билим берүү программасы боюнча окууну аяктап, мамлекеттик үлгүдөгү жогорку метеорологиялык билим тууралуу дипломго ээ болгон адамдар авиациялык метеорология багытында адистешүү үчүн стажировкадан өтүшөт.

Квалификация «метеоролог» (анын ичинде «инженер-метеоролог», «адис-метеоролог» же «бакалавр-метеоролог») жогорку метеорологиялык билим берүү программасын өздөштүргөндөн кийин ыйгарылат.

17. Стажировка мөөнөтү адистин метеорология тармагындагы башка адистик боюнча тажрыйбасына жараша аныкталат:

1) Эгерде тажрыйбасы жок болсо, стажировка мөөнөтү 3 айды түзөт жана ал КР ЖАО тарабынан бекитилген КР коопсуздугун камсыздоого катышкан авиациялык персоналды кесиптик даярдоо боюнча типтүү программалардын талаптарына ылайык иштелип чыккан программа боюнча ишканада өтөт;

2) Эгерде тажрыйбасы бар болсо, стажировка мөөнөтү кыскартылышы мүмкүн, бирок 2 айдан кем болбошу керек.

18. «Метеоролог» квалификациясы төмөнкү адамдарга да ыйгарылышы мүмкүн:

1)физика, математика же маалыматтык технологиялар тармактарында жогорку окуу жайларында окуусун ийгиликтүү аяктаган жана мамлекеттик үлгүдөгү жогорку билим тууралуу диплом алган;

2)лицензиясы жана/же мамлекеттик аккредитациясы бар кошумча кесиптик билим берүү мекемелеринде БИП-М программасын ийгиликтүү аяктаган.

19. 18-пунктка ылайык билим алган адамдар авиациялык метеорология багытында адистешүү үчүн 6 айлык окуу жана стажировкадан өтүшөт. Программа КР ЖАО бекиткен АМП үчүн типтүү

талаптарга ылайык иштелип чыгат. Эгерде адам техник-метеоролог квалификациясына ээ болсо, стажировка мөөнөтү кыскартылышы мүмкүн, бирок 4 айдан кем болбошу керек.

## § 3. АМП категориясы – техник-синоптик

20. Орто адистештирилген окуу жайында БИП-МТ техниктер үчүн милдеттүү программалар пакетин камтыган билим берүү программасы боюнча окууну аяктап, мамлекеттик үлгүдөгү орто адистештирилген метеорологиялык билим тууралуу дипломго ээ болгон адамдар авиациялык метеорология багытында адистешүү үчүн стажировкадан өтүшөт.

Квалификация «техник-метеоролог» орто адистештирилген метеорологиялык билим берүү программасын өздөштүргөндөн кийин ыйгарылат.

21. Стажировка мөөнөтү техник-метеорологдун метеорология тармагындагы башка адистик боюнча тажрыйбасына жараша аныкталат:

1) Эгерде тажрыйбасы жок болсо, стажировка мөөнөтү 2 айды түзөт жана ал КР ЖАО тарабынан бекитилген КККАПКДТП талаптарына ылайык иштелип чыккан программа боюнча ишканада өтөт;

2) Эгерде тажрыйбасы бар болсо, стажировка мөөнөтү кыскартылышы мүмкүн, бирок 1 айдан кем болбошу керек.

22. «Техник-метеоролог» квалификациясы төмөнкү адамдарга да ыйгарылышы мүмкүн:

1) жогорку окуу жайында окуусун ийгиликтүү аяктап, жогорку билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом алгандарга, же орто атайын окуу жайында окуусун аяктап, орто техникалык билим жөнүндө диплом алгандаргажогорку билимге ээ болгон же орто техникалык билимге ээ болгондорго;

2) метеорологдор үчүн МТБ-БИП милдеттүү программалар пакети боюнча лицензиясы жана/же мамлекеттик аккредитациясы бар кошумча кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу курсун ийгиликтүү аяктагандарга (милдеттүү түрдө).

23. 22-пунктка ылайык билим алган адамдар авиациялык метеорология багытында адистешүү үчүн 3 айлык окуу жана стажировкадан өтүшөт. Программа КР ЖАО бекиткен КККАПКДТП талаптарына ылайык иштелип чыгат.

24. Техник-метеоролог квалификациясы жогорку окуу жайында ийгиликтүү окуусун аяктап, жогорку метеорологиялык билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом алган адамдарга да ыйгарылышы мүмкүн..

25. 24-пунктка ылайык билим алган адамдар авиациялык метеорология багытында адистешүү үчүн стажировкадан өтүшөт. Стажировка мөөнөтү тажрыйбанын болушуна жараша аныкталат:

1) эгерде тажрыйба жок болсо, стажировка мөөнөтү ишканада 2 айды түзөт, ККҚАПКДТП талаптарын эске алуу менен түзүлгөн, КР ОГА тарабынан бекитилген программа боюнча;

2) эгерде тажрыйба болсо, стажировка мөөнөтү кыскартылышы мүмкүн, бирок 1 айдан кем болбошу керек.

## § 4. АМП категориясы – метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженер

26. Метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженер квалификациясы жогорку окуу жайында ийгиликтүү окууну аяктаган жана жогорку метеорологиялык билим же жогорку техникалык билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом алган адамдарга ыйгарылышы мүмкүн.

27. 26-пунктка ылайык билим алган адамдар ишканада Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу гидрометеорология боюнча агенттиги тарабынан бекитилген ТПППАП талаптарын эске алуу менен түзүлгөн метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженерлер үчүн бекитилген программа боюнча окуудан жана стажировкадан өтүшөт. Окуу жана стажировка мөөнөтү 2 айды түзөт.

## § 5. АМПнын квалификациясын жогорулатуу

28. Квалификацияны жогорулатуу максаты – адистердин теориялык жана практикалык билимдерин жаңылоо, квалификация деңгээлине коюлган талаптардын өсүшүнө жана кесиптик милдеттерди аткарууда заманбап ыкмаларды өздөштүрүү зарылдыгына байланыштуу.

29. Метеорологиялык персоналдын квалификациясын жогорулатуу зарылчылыкка жараша, бирок кызматтык ишмердүүлүк мезгилинде ар 5 жылда кем эмес бир жолу жүргүзүлөт.

30. Квалификацияны жогорулатуу кошумча кесиптик билим берүү мекемелеринде, ошондой эле жогорку жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринде уюштурулат, алар квалификацияны жогорулатуу боюнча кошумча билим берүү программаларын ишке ашырышат.

## § 6. АМПнын күбөлүк алуудагы билимдерин жана жөндөмдөрүн текшерүү

31. АМП күбөлүгүн алуу үчүн талапкерлердин билимдерин жана квалификациясын текшерүү КР ЖАО тарабынан бекитилген процедураларга ылайык жүргүзүлөт.

32. Текшерүү КР ЖАО тарабынан дайындалган жана «Дайындалган экзаменатордун күбөлүгүнө» ээ болгон экзаменаторлор тарабынан жүргүзүлөт.

33. Билимди текшерүү компьютердик программалардын жардамы менен, билеттер боюнча жазуу же оозеки суроо түрүндө жүргүзүлүшү мүмкүн.

34. Зарыл болгон учурда автоматташтырылган компьютердик программалар менен билимди текшерүү экзаменатордун катышуусуз оператор тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн. Бул учурда экзаменатор талапкер менен оозеки маек өткөрүүгө же компьютердик тестти кайра жүргүзүүгө укуктуу, текшерүүнүн жыйынтыгын ырастоо же акыркы чечим кабыл алуу максатында.

35. Экзамен тапшырууга уруксат берилген экзаменатор экзамендерди өткөрүү процедураларын сактоо жана талапкерлерди объективдүү баалоо үчүн жоопкерчилик тартат, ошондой эле өзүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын дайыма сактап, жогорулатып туруу милдетин аткарат.

36. Аскердик же башка окуу мекемелеринде талапкер алган билим, жөндөмдөр жана тажрыйба тиешелүү документтер менен ырасталса, КР ЖАО тарабынан ушул Жобонун талаптарына ылайык келген бөлүктөрүндө таанылат.

## 3-бөлүм. АМПга күбөлүк берүүдө коюлган талаптар

### § 1. Инженер-синоптик / инженер-метеоролог күбөлүгү

37. Инженер-синоптик / инженер-метеоролог күбөлүгүн берүүдө коюлган талаптар:

1) жашы – талапкер 21 жаштан кем болбошу керек;

2) квалификациясы – талапкер төмөнкү багыттар боюнча жогорку билимге ээ болушу керек: метеорология, физика, математика же маалыматтык технологиялар;

3) тажрыйбасы – талапкер инженер-синоптик / инженер-метеорологдор үчүн программа боюнча окуу жана стажировка курсун төмөнкү мөөнөттө өткөн болушу керек:

- 3 ай – эгерде талапкер БИП-М программалар пакетин камтыган жогорку метеорологиялык билим тууралуу дипломго ээ болсо;
- 6 ай – эгерде талапкер физика, математика же маалыматтык технологиялар багытында жогорку билимге ээ болуп, БИП-М программасына ылайык баштапкы даярдык курсун аяктаган болсо.

Эскертүү: БИП-М программасына ылайык баштапкы даярдык курсунун дипломун талапкер ишканада окуу жана стажировка башталган күндөн тартып 1 жыл ичинде алууга тийиш;

4) талапкер төмөнкү тармактар боюнча инженер-синоптик / инженер-метеоролог күбөлүгүнө ылайык укуктарга жооп берген билим деңгээлин көрсөтүшү керек (Таблица 1):

Таблица 1. Инженер-синоптик / инженер-метеоролог күбөлүгүн алуу үчүн зарыл болгон дисциплиналар

| | |
|---|---|
| 1. Математика, физика, англис тили, коммуникация, маалыматтарды талдоо жана колдонуу боюнча негизги темалар | |
| 2. Атмосфералык илимдер: | |
| физикалык метеорология | – атмосферанын курамы, нурлануу жана оптикалык көрүнүштөр,<br>– термодинамика, булуттардын физикасы,<br>– чектик катмар метеорологиясы,<br>– байкоо жана приборлор,<br>– атмосфераны алыстан зонддоо; |
| динамикалык метеорология | – атмосферанын динамикасы,<br>– сандык аба ырайын божомолдоо (ЧПП); |
| синоптикалык жана мезомасштабдык метеорология | – орто кеңдиктер жана полярдык аймактардагы аба системалары,<br>– тропикалык жана субтропикалык системалар,<br>– мезомасштабдык системалар,<br>– аба ырайын байкоо жана талдоо,<br>– спутник жана радиолокация маалыматтарын колдонуу,<br>– аэросиноптикалык материалдарды талдоо,<br>– аба ырайын божомолдоо,<br>– коркунучтуу кубулуштар,<br>– Борбор Азиядагы синоптикалык процесстер; |
| авиациялык метеорология | – атмосферанын физикалык параметрлеринин учактарга тийгизген таасири,<br>– маалымат берүүдө колдонулган форматтар жана коддор,<br>– авиациялык аба ырайы божомолдору,<br>– учууларды метеорологиялык камсыздоо,<br>– авиация үчүн коркунучтуу кубулуштар боюнча эскертүүлөр; |
| климатология | – Жер-атмосфера системасы жана жалпы циркуляция,<br>– климаттын өзгөрүшү,<br>– регионалдык климат жана Кыргыз Республикасынын климаты,<br>– аэродромдук климат таблицалары жана отчеттор; |
| 3. Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелери | |
| 4. Сапатты контролдоо жана стандарттар | |

5) Талапкер төмөнкү компетенцияларга ээ экенин көрсөтүшү керек:

а) метеорологиялык кырдаалды талдоо жана үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү;

б) аэросиноптикалык материалдар, сандык божомолдоо ыкмалары, спутниктик маалыматтар жана мониторинг негизинде эксплуатациялык көз караштан аба ырайы божомолдорун негиздөө;

в) авиация үчүн маанилүү метеорологиялык кубулуштарды жана параметрлерди божомолдоо;

г) коркунучтуу аба ырайы кубулуштары жөнүндө эскертүү берүү;

д) метеорологиялык маалыматтардын жана тейлөөнүн сапатын камсыздоо;

е) метеорологиялык маалыматтарды ички жана тышкы колдонуучуларга өз аймагында жана жоопкерчилик зонасында жайылтуу, авиациялык ишмердүүлүккө тийгизген таасирин эске алуу менен, авиациялык колдонуучулардын муктаждыктарына, эл аралык эрежелерге, жергиликтүү процедураларга жана артыкчылыктарга ылайык.

## § 2. Техник-синоптик күбөлүгү

38. Техник-синоптик күбөлүгүн берүүдө коюлган талаптар:

1) жашы – талапкер 20 жаштан кем болбошу керек;

2) квалификациясы – талапкер жогорку билимге, орто метеорологиялык билимге же орто техникалык билимге ээ болушу керек;

3) тажрыйбасы – талапкер техник-метеорологдор үчүн программа боюнча окуу жана стажировка курсун төмөнкү мөөнөттө өткөн болушу керек:

- 2 ай – эгерде талапкер жогорку метеорологиялык билимге же орто адистештирилген метеорологиялык билимге ээ болсо жана БИП-МТ программасын камтыган дипломго ээ болсо;
- 3 ай – эгерде талапкер жогорку (метеорологиялык эмес) билимге же орто техникалык билимге ээ болуп, БИП-МТ программасына ылайык баштапкы даярдык курсун аяктаган болсо.

Эскертүү 1: БИП-МТ программасына ылайык баштапкы даярдык курсунун дипломун талапкер ишканада окуу жана стажировка башталган күндөн тартып 1 жыл ичинде алууга тийиш.

Эскертүү 2: БИП-МТ программасы боюнча диплом талап кылынбайт, эгерде талапкер аэродромдо техник-синоптик катары

4) талапкер төмөнкү тармактар боюнча техник-синоптик күбөлүгүнө ылайык укуктарга жооп берген билим деңгээлин көрсөтүшү керек (Таблица 2):

Таблица 1. Техник-синоптик күбөлүгүн алуу үчүн зарыл болгон дисциплиналар

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Математика, физика, англис тили, коммуникация, маалыматтарды талдоо жана колдонуу боюнча негизги темалар | |
| 2. | Физикалык жана динамикалык метеорологиянын негиздери: | – атмосферанын курамы жана түзүлүшү,<br>– нурлануу,<br>– атмосфералык басым,<br>– абанын температурасы,<br>– атмосфералык нымдуулук,<br>– атмосферанын туруктуулугу,<br>– шамал,<br>– булуттар, жаан-чачын жана күн күркүрөө,<br>– шүүдүрүм, кырпык жана туман, |

| | | |
|---|---|---|
| | | – атмосфералык оптикалык жана электрдик кубулуштар; |
| 3. | Синоптикалык жана мезомасштабдык метеорологиянын негиздери: | – белгилүү бир аймактагы аба ырайы,<br>– аба массалары,<br>– орто кеңдиктер жана полярдык аймактардагы аба системалары,<br>– коркунучтуу аба ырайы кубулуштары; |
| 4. | Климатологиянын негиздери: | – Кыргыз Республикасынын климатын классификациялоо жана сүрөттөө,<br>– климаттык статистика; |
| 5. | Аба ырайын байкоо: | – байкоо жүргүзүү жана аба ырайын мониторинг кылуу,<br>– авиациялык метеорологиялык маалыматты берүүдө колдонулуучу форматтар жана коддор; |
| 6. | Метеорологиялык приборлор: | – приборлорду жайгаштыруу,<br>– жер бетиндеги өлчөө приборлорунун иштөө принциби,<br>– маалыматты чагылдыруу системалары (метеорологиялык маалыматтарды даярдоо); |
| 7. | Стандарттар жана сапатты контролдоо | |
| 8. | Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелери | |
| 9. | Колдонуучуларды метеорологиялык камсыздоо | |

5) талапкер төмөнкү компетенцияларга ээ экенин көрсөтөт же көрсөткөн:

а) метеорологиялык кырдаалды үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү;

б) метеорологиялык кубулуштар жана параметрлер боюнча байкоо жүргүзүү жана аларды каттоо;

в) метеорологиялык маалыматтын сапатын камсыз кылуу;

г) метеорологиялык маалыматты ички жана тышкы колдонуучуларга өз жоопкерчилик зонасындагы аймак жана аба мейкиндиги үчүн жеткирүү, метеорологиялык кубулуштардын жана параметрлердин авиациялык ишмердүүлүккө тийгизген таасирин эске алуу менен, авиациялык колдонуучулардын муктаждыктарына, эл аралык эрежелерге, жергиликтүү процедураларга жана артыкчылыктарга ылайык.

## § 3. Метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженердин күбөлүгү

39. Метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженердин күбөлүгүн берүүдө коюлган талаптар:

1) жашы – талапкер 21 жаштан кем болбошу керек;

2) квалификациясы – талапкер жогорку метеорологиялык же жогорку техникалык билимге ээ болушу керек;

3) тажрыйбасы – талапкер метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженерлер үчүн программа боюнча 2 айлык окуу жана стажировка курсун ишканада өткөн болушу керек;

4) талапкер төмөнкү тармактар боюнча билим деңгээлин көрсөтүшү керек, ал метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча

инженердин күбөлүгүнө ылайык укуктарга жана милдеттерге жооп берет (Таблица 3):

Таблица 3. Метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженердин күбөлүгүн алуу үчүн зарыл болгон дисциплиналар

| | |
|---|---|
| 1. Негизги темалар | – математиканын негиздери,<br>– метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө менен байланышкан физиканын фундаменталдык принциптери жана теориялык негиздери,<br>– электротехника, автоматика жана телемеханика, эсептөө техникасынын негиздери, өлчөө техникасы, программалык камсыздоонун негиздери,<br>– метеорологиянын жана учууларды метеорологиялык камсыздоонун негиздери; |
| 2. Метеорологиялык жабдуулардын техникалык маалыматтары | – материалдардын өзгөчөлүктөрү жана аларды жабдууларды долбоорлоодо колдонуу, анын ичинде конструкциянын жана системанын иштөө принциптери,<br>– механикалык, электрдик жана электрондук кубат булагы,<br>– метеорологиялык жабдуулардын прибордук жабдуулары жана индикация системалары; |
| 3. Метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө | – метеорологиялык жабдуулардын иштөө жөндөмдүүлүгүн сактоо үчүн аткарылышы керек болгон иштер, анын ичинде капиталдык оңдоо, учурдагы оңдоо, текшерүү, алмаштыруу, модификациялоо же конструкциядагы кемчиликтерди жоюу боюнча ыкмалар жана процедуралар, жабдуулардын техникалык тейлөө боюнча тиешелүү колдонмолордо көрсөтүлгөн методикаларга жана шайкештик стандарттарына ылайык,<br>– программалык камсыздоонун жана байланыш каражаттарынын компоненттери,<br>– кирүүчү маалымат булактарынан, кол менен жана автоматтык байкоолордон, радиолокаторлордон жана спутниктерден алынган маалыматтардагы каталарды иштетүү, сапатын контролдоо жана анализдөө үчүн стандарттык ыкмаларды колдонуу,<br>– метеорологиялык маалыматтарды түзүү,<br>– ар кандай сенсорлордон жана платформалардан алынган маалыматтарды өздөштүрүүдө метеорологиялык өзгөрмөлөрдүн талааларын түзүүдө колдонулуучу негизги операциялар,<br>– метеорологиялык маалыматтарды иштетүү жана башкаруу, анын ичинде маалыматты чогултуу, уюштуруу, башкаруу жана сактоо,<br>– маалымат берүү системаларын иштете билүү жөндөмү, |

| | |
|---|---|
| | – AFS эл аралык системасын колдонуу,<br>– Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелери «КРАЭ-10. Авиациялык электробайланыш» боюнча тиешелүү бөлүгү,<br>– автоматташтырылган метеорологиялык системалардын иштешин камсыз кылуу. |
| **4.** Стандарттар жана сапатты контролдоо | |

5) Кандидат төмөнкү компетенцияларга ээ экенин көрсөтөт же көрсөткөн:

- метеорологиялык жабдууларды жана системаларды жайгаштыруу, орнотуу;
- метеорологиялык жабдууларды жана системаларды иштетүүнү камсыз кылуу;
- бузулууларды аныктоо жана диагностика жүргүзүү;
- метеорологиялык жабдууларды жана системаларды оңдоо;
- коопсуз иш чөйрөсүн сактоо.

## 4-бөлүм. Башка талаптар

### § 1. Күбөлүктү узартуу

40. АМПнын күбөлүгүн узартууда билимди жана квалификацияны текшерүү Кыргыз Республикасындагы метеорологиялык тейлөөчү тарабынан бекитилген процедураларга ылайык жүргүзүлөт.

41. Эгерде АМП күбөлүгүндө көрсөтүлгөн функцияларды аткарууда 6 айдан 3 жылга чейинки үзгүлтүк болсо, жумуш ордунда стажировкадан өтүү талап кылынат. Анын узактыгы үзгүлтүктүн мөөнөтүнө жараша аныкталат.

42. Эгерде үзгүлтүк 3 жылдан ашса, АМП күбөлүгүн кайра ырастоо талап кылынат:

- өз алдынча иштөөгө уруксат алуу үчүн жумуш ордунда стажировкадан өтүү (узактыгы квалификациялык белгиге жана үзгүлтүктүн мөөнөтүнө жараша);
- тиешелүү билим деңгээлин жана компетенцияларды көрсөтүү.

### § 2. АМПнын квалификациялык класстары

43. Классты жогорулатууда билимди жана квалификацияны текшерүү Кыргыз Республикасындагы метеорологиялык тейлөөчү тарабынан бекитилген процедураларга ылайык жүргүзүлөт.

44. Классты жогорулатуу иш тажрыйбасына, иштеги жыйынтыктарга, билимди жана кесиптик көндүмдөрдү колдонуу жөндөмүнө, оперативдүү маселелерди чыгармачылык менен чечүүгө

негизделет. Өз алдынчалык жана жеке жоопкерчилик сезими маанилүү фактор болуп саналат.

45. Ар бир талапкер классты жогорулатуу маселеси боюнча өзүнчө каралат, чечим түздөн-түз жетекчиси тарабынан кабыл алынат.

46. Акыркы чечим метеорологиялык тейлөөчү уюмдун квалификациялык комиссиясы тарабынан кабыл алынат.

47. АМПнын 3-классы күбөлүк жана квалификациялык белги берилген учурда ыйгарылат.

48. Инженер-синоптик/инженер-метеорологдун 2-классы төмөнкү талаптарга жооп берген талапкерлерге ыйгарылат:

1) инженер-синоптик/инженер-метеорологдун квалификациялык мүнөздөмөлөрүнө ылайык келүү;

2) 3-класстагы инженер-синоптик/инженер-метеоролог катары кеминде 3 жыл иш тажрыйбасы.

49. 1-класстагы инженер-синоптик/инженер-метеоролог квалификациясы төмөнкү талаптарга жооп берген талапкерлерге ыйгарылат:

1) квалификациялык мүнөздөмөлөргө ылайык келүү;

2) 2-класстагы инженер катары кеминде 5 жыл иш тажрыйбасы.

50. Техник-синоптиктин 2-классы төмөнкү талаптарга жооп берген талапкерлерге ыйгарылат:

1) техник-синоптиктин квалификациялык мүнөздөмөлөрүнө ылайык келүү;

2) 3-класстагы техник-синоптик катары кеминде 3 жыл иш тажрыйбасы.

51. Техник-синоптиктин 1-классы төмөнкү талаптарга жооп берген талапкерлерге ыйгарылат:

1) квалификациялык мүнөздөмөлөргө ылайык келүү;

2) 2-класстагы техник катары кеминде 5 жыл иш тажрыйбасы.

52. Метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженердин 2-классы төмөнкү талаптарга жооп берген талапкерлерге ыйгарылат:

1) квалификациялык мүнөздөмөлөргө ылайык келүү;

2) 3-класстагы инженер катары кеминде 3 жыл иш тажрыйбасы.

53. Метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженердин 1-классы төмөнкү талаптарга жооп берген талапкерлерге ыйгарылат:

1) квалификациялык мүнөздөмөлөргө ылайык келүү;

2) 2-класстагы инженер катары кеминде 5 жыл иш тажрыйбасы.

54. 3-классты алуу үчүн талапкер бардык дисциплиналар боюнча «жакшы» деген бааларга ээ болушу керек.

55. 2-классты алуу үчүн талапкер төмөнкү дисциплиналар боюнча, жок дегенде, «эң жакшы» деген бааларга ээ болушу керек:

1) инженер-синоптик/инженер-метеоролог үчүн:

– Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелери КРАЭ-3;

– метеорология;
– тейленүүчү аймактын климаттык өзгөчөлүктөрү;
2) техник-синоптик үчүн:
– Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелери КРАЭ-3;
– авиациялык метеорология;
3) метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө боюнча инженер үчүн:
– метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө эрежелери;
– аэродромдордогу автоматтык байкоо системалары.

56. 1-классты алуу үчүн талапкер бардык дисциплиналар боюнча «эң жакшы» деген бааларга ээ болушу керек.

## § 3. Кызматтык адамдар

57. Метеорологиялык камсыздоо нормаларын жана эрежелерин көзөмөлдөгөн, метеорологиялык камсыздоону уюштурган, аэродромдук метеорологиялык органдарды инспекциялаган төмөнкү кызматтык адамдар төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:
1) метеорологиялык камсыздоо кызматынын/бөлүмүнүн жетекчиси:
– жогорку метеорологиялык билим;
– метеоадис катары кеминде 10 жыл иш тажрыйбасы, анын ичинде кеминде 3 жыл жетекчилик кызматта же башкы инженер-метеоролог/инженер-синоптик кызматында.
2) тийиштүү кызматтын/бөлүмдүн жетекчисинин орун басары:
– жогорку метеорологиялык билим;
– инженер-синоптик же инженер-метеоролог катары кеминде 5 жыл иш тажрыйбасы жана 2-класстагы квалификацияга ээ болуу.
3) АМБ/АМСЖ жетекчиси:
– жогорку метеорологиялык билим же физика, математика, маалыматтык технологиялар багытында жогорку билим жана БИП-М программасы боюнча ийгиликтүү окугандыгын тастыктаган документ;
– метеоадис катары кеминде 5 жыл иш тажрыйбасы жана 2-класстагы квалификацияга ээ болуу.
4) АМБ/АМСЖ жетекчисинин орун басары:
– жогорку метеорологиялык билим;
– инженер-синоптик катары кеминде 5 жыл иш тажрыйбасы жана 2-класстагы квалификацияга ээ болуу.
5) башкы инженер-синоптик/инженер-метеоролог:
– жогорку метеорологиялык билим же физика, математика, маалыматтык технологиялар багытында жогорку билим жана БИП-М программасы боюнча ийгиликтүү окугандыгын тастыктаган документ;
– инженер-синоптик/инженер-метеоролог катары кеминде 5 жыл иш тажрыйбасы жана 2-класстагы квалификацияга ээ болуу.

6) метеорологиялык жабдууларды техникалык тейлөө бөлүмүнүн жетекчиси:

– жогорку метеорологиялык билим же жогорку техникалык билим;

– башкы инженер катары keминде 3 жыл иш тажрыйбасы жана 1-класстагы квалификацияга ээ болуу.

7) башкы инженер техникалык тейлөө боюнча:

– жогорку метеорологиялык билим же жогорку техникалык билим;

– инженер катары кеминде 5 жыл иш тажрыйбасы жана 2-класстагы квалификацияга ээ болуу.